**Бишкектин “SHORO TAYKŪLŪK KIDS RUN 2024” жөө күлүк балдардын жарышынын ШАРТТАРЫ**

1. **Иш чаранын максаты:**
   1.1 **“SHORO TAYKŪLŪK KIDS RUN 2024”** (мындан ары: Жарыш) төмөндөгү максатта өткөрүлөт:
   - Жаш муундар арасында дени сак жашоо образын өнүктүрүү жана балдардын дене тарбияга жана спортко активдүү тартуу ;
   - Массалык спортту өнүктүрүү;
   - Жарыш боюнча спорттук жетишкендиктерге шыктандыруу:

2. **Жарыш өтчү жер жана өтө турган күнү, убактысы:**
   2.1 Жарыш өтө турган күн - 2024 – жылдын 26-майы
   2.2 Жарыш өтө турган жер: Бишкек ш., Эски аянт.
   2.3 Жарыш өтө турган убакыт: 7:00 дөн саат 14:00 гө чейин.
   2.4 Эпидемиологиялык кырдаал начарлаган ,саясий абал туруксуз болгон же башка күтүлбөгөн чукул кырдаалдар болгон жагдайда Жарышты өткөрүү мөөнөтү өзгөртүлүшү ыктымал.

3. **Жарыштын жетекчилиги:**
   3.1 Жарыштын жалпы жетекчилигин “Тонус” коомдук фонду ишке ашырат.
   3.2 Жарышты өткөрүүнү даярдоо жана өткөрүү жоопкерчилиги Уюштуруу комитетине (мындан ары: Уюштуруу комитети) жүктөлөт.
   3.3 Уюштуруу комитетин “Тонус” коомдук фондунун директору Насыкулов Урмат. жетектейт.
   3.4 Уюштуруу комитети төмөнкүлөргө жооптуу:
   - Жарыштын уюштурулушуна;
   - Катышуучулардын маалымат менен камсыз болушуна;
   - Жарыштын коопсуздугун жана медициналык коштоону камсыз кылууга;

4. **Жарышты уюштурууга жана өткөрүүгө жумшалуучу каражаттар:**
   4.1 Жарышты дяардоого жана уюштурууга каражаттар “Тонус” коомдук фондунун эсебинен жана демөөрчүлөрдөн, Жарыштын катышуучуларынын мүчөлүк акыларынын эсебинен жумшалат.
   4.2 Жарышка байланышкан жол кире, тамак аш жана башка керектүү каражаттарга кетчү чыгымдарды катышуучулар өздөрү төлөшөт.

5. **Катышуучуну каттоо:**
   5.1 Каттоо онлайн форматында гана tonus.kg сайты аркылуу жүргүзүлөт.
   5.2 Жарыш өтчү күндүн алдында (25.05.2024) каттоо старттык баштыкты таратчу жерде гана, каттоого бош орун болсо гана жүргүзүлөт.
   5.3 Тиешелүү арызды толук толтурган жана старттык акыны төлөгөн катышуучу гана катталды деп эсептелинет. Акы төлөбөгөн катышуучу катталды деп эсептелбейт.
   5.4 Жарышка катталгандардын тизмеси tonus.kg ыйгарымдуу сайтында жарыяланат.
   5.5 Уюштуруучулар жарышка катышуучулардын саны бардык курактагыларды кошкондо белгиленген чекке жеткен учурда каттоону мөөнөтүнөн мурда жаап коюуга укуктуу.

5.6 Каттоо арызында жалган же так эмес маалыматтарды көрсөткөн катышуучу уюштуруучулар тарабынан четтетилиши мүмкүн. Мындай учурда төгүлгөн акча каражаты кайра кайтарылбайт.
5.7 Жарышка катышууга укук берген слотту башка бирөөгө каттоого катышуучунун ата-энесинин же мыйзамдуу камкорчусунун жазуу жүзүндөгү арызы жана 200 сом кошумча төлөгөн учурда жол берилет.

**6. Старттык акы :**

6.1 Каттоонун баасы:
29 марттан – 7 апрелге чейин- 800 сом
8 апрелден - 21 апрелге чейин - 900 сом
22 апрелден - 12 майга чейин - 1200 сом
13 майдан - 24 майга чейин - 1500 сом
25 май - 2000 сом
6.2 Катталуу акысы үчүн төлөнгөн каражаттар кайтарылбайт:
6.3 Туура эмес же чоочун номерге салынган каражаттар кайтарылбайт жана жарыштын башка катышуучусуна которууга болбойт.
6.4 Жарыштын өткөрүү мөөнөтү өзгөргөн учурда каражаттар кайра кайтарылбайт, башка белгиленген мөөнөткө жылдырылат.

**7. Жарышка уруксат берүү шарттары:**

7.1 Жарыштын старттык баштыгын берээрде талап кылынуучу катышуучунун өздүгүн, жаш курагын аныктаган күбөлүктүн жана ата-энелердин же мыйзамдуу камкорчунун колу коюлган баланын ден соолугу тууралуу тастыктама болгондо берилет.
7.2 Чет мамлекеттердин жарандарынан спорттук жарышка катышууга жарактуу медициналык камсыздоосунун болушу талап кылынат.
7.3 Старттык номерисиз катышууга уруксат берилбейт.

**8. Старттык номерлерди алуу:**

8.1 Старттык баштыкты баланын күбөлүгүн жана баланын жаш курагын, ден соолугун тастыктаган ата-энесинин же камкордукка алган адамдын тил катын көрсөтүп алууга болот. (камкордукка алган адам баланы камкордукка алганын аныктаган нотариалдык күбөлөндүрмөнү көрсөтүүгө тийиш).
8.2 Өздүгүн аныктоочу күбөлүк жана тил кат болбосо уюштуруучулар катышуучуга старттык баштыкты бербейт жана андан ары Жарышка катыштырбайт.
8.3 Катышуучунун старттык баштыгында:
- старттык номер;
- сумка;
- катышуучунун медалы бар.
8.4 Старттык баштыкчаны катышуучунун ата-энеси жана мыйзамдуу камкордук көрүүчү гана алышат. (камкордук көрүүчү балага камкордук көрүүгө укугу нотариалдык тастыкмамасы бар документин көрсөтүшү керек.)
8.5 Старттык баштыкчаларды 2024-жылдын 25-майында саат 09:00 дөн 21:00ге чейин алууга болот. Пакеттерди берүүчү жайдын дареги жакында маалымдалат, Интернеттен соц. тармакты байкап туруңуздар.
**8.6 КӨҢҮЛ БУРГУЛА! Старттык баштыктар Жарыш болчу күнү 26 майда берилбейт**

9. **Жарыштын Программасы:**

07:00 - Старттык шаарчанын ачылышы .
08:00 - 08:10 –Жарыштын расмий ачылышы
08:10 - 08:30-Старт алдындагы шоу программа, расмий адамдардын саламдашуусу .
08:30 - 08:40 – Жарыштын катышуучулары үчүн брифинг
08:40 - 08:50 –Машыктыруучулар менен кызытуу көнүгүүлөрү.
09:00 - 300 метр аралыкка старт
09:10 - 500 метр аралыкка старт
09:20 - 1 чакырымга старт.
09:25 - 3 чакырымга старт
0912:00 Көрүүчүлөр үчүн көңүл ачуучу программа.
10:00 –Жарыштын контролдук убактысынын соңу
13:00 – Иш чаранын жабылышы
9.1 КӨҢҮЛ БУРГУЛА! Жарыштын программасы кайсы учур болбосун өзгөрүшү мүмкүн.

10. **Аралыктар, жарыштын катышуучулары жана жаш курак категориялары:**

10.1 **Катышуучулар үчүн 5 аралык жеткиликтүү: 3 км, 1 км, 500 м, 300 м жана 150 м.**
10.2 3 км аралыктагы Жарышка 13 жаштан 16 жашка чейинки балдар катышат.
10.3 1 км аралыктагы Жарышка 9 жаштан 12 жашка чейинки балдар катышат.
10.4 500 метрлик Жарышка 6 жаштан 8 жашка чейинки балдар катышат..
10.5 300 метрлик жарышка 4 жаштан 5 жашка чейинки балдар катышат.
10.5 150 метрлик жарышка 2 жаштан 3 жашка чейинки балдар катышат.
10.6 Жарышка катышуучунун курагы Жарыш уюштурулган учурдагы 2024-жылдын 26-майындагы толук жашы менен аныкталышы керек.
10.7 Жаш курак категориялары:
- 2 жаштан 3 жашка чейин – 150 метр;
- 4 жаштан 5 жашка чейин - 300 метр;
- 6 жаштан 8 жашка чейин - 500 метр;
- 9 жаштан 12 жашка чейин- 1 км;
- 13 жаштан 16 жашка чейин - 3 км:

11. **Жыйынтык чыгаруунун жана байге тапшыруунун тартиби:**

11.1Майрамдык иш чара болгондугуна байланыштуу Жарыштын хронометражы жүргүзүлбөйт.
11.2 Катышуучулардын бардыгы жеңүүчү болот жана финишердун медалына ээ болушат.
11.3 Өзгөчө байгелүү орундар болбойт.

12. **Маалымат булактары**

12.1Жарыш тууралуу кеңири маалыматты www.tonus.kg сайтынан табууга болот.
12.2 Башка маалымат булактарындагы маалыматтар үчүн Жарыштын Уюштуруу комитети жоопту эмес.
12.3 Жарыштын Уюштуруучулары бул Шарттарга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүгө укуктуу. Актуалдуу версиясы төмөнкү сайтта.
https://www.tonus.kg/ru/event/event/shoro-taykuluk-kids-run-2024/

**13. Уюштуруучулардын дареги:**

“Тонус” Коомдук Фонду

Телефон номери: +996 505 909 309, +996 550 117 784, +996 505 661 160

e-mail: tonusmarathon@gmail.com, zina.kabylbek@gmail.com, 7babaev@gmail.com